УДК: 947.1
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-436-445

**Жусупова М.М.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
Талас мамлекеттик университети
Талас ш.
mojmol@mail.ru

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮН ТҮПТӨӨГӨ САЛЫМ КОШКОН ИНСАНДАР: СУЛТАНБЕК МОНОЛБАЕВ ЖАНА ТӨРӨКУЛ АЙТМАТОВ

**Аннотация.** XX кылымдын 20-30-жылдарындагы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн эркиндиги үчүн күрөшкөн инсандардын ичинен Төрөкул Айтматов жана анын жакын тууганы Султанбек Моңолбаев.

Коочулукка белгилүү болгондой XX кылымдын 20-30-жылдары Советтер Союзунда, анын ичинде Кыргызстанда, болуп өткөн саясий репрессиялардын адамдарды репрессиялоо учуру 1937-жылга туура келди. Ошондуктан быйылкы 2022-жыл саясый репрессияларынын курмандыктарын эскерүүнүн 85 жылдыгы катары белгиленип жатат. Мен эскермекчи болуп жаткан Моңолбаев Султанбек дагы ошол репрессиянын курмандыктарынын бири. Султанбек Монолбаев Төрөкул Айтматовдун жакын тууганы болгон. Эмне үчүн Султанбек Монолбаевдин басып өткөн өмүр жолуна кайрылып жатабыз? Себеби ал инсан Төрөкул Айтматовдун мамлекеттик деңгелдеги адам болушуна түздөн түз таасир эткен. Бул бир жагынан. Экинчи жагынан, анын үй-бүлөсү Чынгыз Айтматовго, акталалек убакытта жардам көрсөткөн. Бул макалада Айтматовдордун үй-бүлөсү үчүн абдан маанилүү экени көрсөтүлгөн.

**Негизги сөздөр:** Мамлекет, Репрессия, Тоталитардык режим, Төрөкул Айтматов, Султанбек Монолбаев, Мамлекеттик жана саясий ишмер.

**Жусупова М.М.**
кандидат исторических наук, доцент
Талаский государственный университет
г. Талас

## ЛИЧНОСТИ, ВНЕСШИЕ ВКЛАД В СТАНОВЛЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ: СУЛТАНБЕК МОНОЛБАЕВ И ТОРОКУЛ АЙТМАТОВ

**Аннотация.** Торекул Айтматов и его близкий родственник Султанбек Монолбаев входят в число людей, боровшихся за свободу кыргызской государственности в 20-30-х годах XX века. Как известно общественности, пик политических репрессий, имевших место в Советском Союзе, в том числе и в Киргизии, в 1920-1930-е годы, пришелся на 1937 год.

Поэтому этот, 2022 год, отмечается как 85-летие со дня поминовения жертв политических репрессий. Султанбек Монолбаев, память о котором я чту, также является одной из жертв этих репрессий. Султанбек Монолбаев был близким родственником Торокула Айтматова. Почему мы обращаемся к жизненному пути Султанбека Монолбаева? Потому что этот человек оказал непосредственное влияние на становление Торокула Айтматова как

государственного деятеля. С одной стороны, это правда. С другой стороны, его семья помогла Чингизу Айтматову в трудную минуту.
В этой статье показано, насколько это важно для семьи Айтматовых.

Большую роль в становлении Торекула Айтматова как хорошего человека сыграли самые близкие люди в его жизни.

**Ключевые слова:** Государство, Репрессия, Тоталитарный режим, Торекул Айтматов, Султанбек Монолбаев, Государственный и политический деятель.

**Zhusupova M.M.**
candidate of historical sciences, dozent
Talas State University
Talas c.

## INDIVIDUALS WHO CONTRIBUTED TO THE FORMATION OF KYRGYZ STATEHOOD: SULTANBEK MONOLBAYEV AND THE TOROKUL AYTMATOV

**Annotation.** Torekul Aitmatov and his close relative Sultanbek Monolbaev are among the people who fought for the freedom of Kyrgyz statehood in the 20-30s of the twentieth century.
As the public knows, the peak of political repression that took place in the Soviet Union, including in Kyrgyzstan, in the 1920s and 1930s occurred in 1937.
Therefore, this year, 2022, marks the 85th anniversary of the commemoration of the victims of political repression. Sultanbek Monolbayev, whose memory I honor, was also one of those victims. Sultanbek Monolbaev was a close relative of Torokul Aitmatov. Why are we looking at Sultanbek Monolbaev's life? Because this man had a direct influence on the development of Torokul Aitmatov as a statesman. On the one hand, this is true.
On the one hand, this is true. On the other hand, his family helped Chingiz Aitmatov in his time of need.
The closest people in Torekul Aitmatov's life played a major role in his development as a good person.

The closest people in his life played a big role in the development of Torekul Aitmatov as a good person.

**Keywords:** State, Repression, Totalitarian regime, Torekul Aitmatov, Sultanbek Monolbaev, Statesman and politician.

Өткөндөр даңкталмайынча тирүүлөр бекталбайт. Андыктан Төрөкул Айтматов, Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Касым Тыныстанов, Баялы Исакеев сыяктуу маамлекеттүүлүктү түптөөгө чыйыр жол салган инсандарыбызды даңктап, алардан жаштар үлгү, тарыхтан сабак алышы керек экенин унутпасак.

XX кылымдын 20-30-жылдарындагы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн эркиндиги үчүн күрөшкөн инсандардын ичинен  Төрөкул Айтматов  жана анын жакын тууганы Султанбек Моңолбаев өзгөчө орун ээлейт десек жаңылышпайбыз.Себеби жыл өткөн сайын тарыхтын ак барактары толукталып келүүдө. Макалада сөз болуучу инсаныбыз мамлекетик жана коомдук-саясий ишмер Төрөкул Айтматов  менен бирге сталиндик репрессиянын курмандыгы болуп, бирок коомчулукка белгисиз болгон Султанбек  Моңолбаевдин өмүр жолу жана ишмердүүлүгү жөнүндө болмокчу.

Бирок тилекке каршы алардын өмүрлөрү, коомдук-саясий жана мамлекеттик ишмердүүлүктөрү өтө жооптуу жана кооптуу мезгилге туура келген. Жооптуу болгону кыргыз

эли мамлекеттүүлүгүнөн ажырагандан кыйла кылымдан кийин Совет мамлекетинин алкагында кайрадан улуттук автономия тибиндеги мамлекетти түзүүгө киришкен, ирилешкен чарбаларды-колхоз, совхоздорду уюштуруу, өнөр жай жана маданий курулушу жаңыдан кулач жайып бара жаткан учурга туура келген.

Төрөкул Айтматовдун өмүр жолу жана ишмердүүлүгү боюнча бул мезгилге чейин иликтөөлөр жүрүп, илимий иштер жакталган. Бирок дале болсо анын ишмердүүлүгүнө дегеле инсан болуп калыптанышына таасир берген адамдар бар экени коомчулукта байкалат. Алар өздөрү ачык коомчулукка алып чыгышат. Быйыл 2023-жылы Төрөкул Айтматовдун 120 жылдык мааракеси белгиленүү алдында турат. Маараке алдында жогоруда айтылгандай жаркын Эгемен мамлекетибиздин түптөлүшүнө чоң салым кошкон Төрөкул Айтматовдун өмүр жолу жана анын өз элинин ар тараптан өнүгүшүнө кошкон аракеттери боюнча кызыгуулар, изилдөөлөр токтой элек. Мен дагы тарыхчы-окумуштуу жана Төрөкул Айтматовдун өмүр жолун жана ишмердүүлүгүнө байланыштуу иликтөөлөрдү жүргүзүп жүргөнүмдүктөн Султанбек Монолбаевдин кызы Бүкөн Султанбекованын үй-бүлөсү менен 2023-жылы июль айында барып, маектешип келдим. Бүкөн апа жана анын уулу, көп жыл мамлекеттик кызматтарда эмгектенип келген Төлөгөн Наралиев агайыбыз Төрөкул Айтматов жана анын үй-бүлөсү туралуу кызыктуу маек куруп беришти. Бүкөн Султанбекова атасы Султанбек Монолбаевдин азыркы кезге чейин сөөгү табылбай жатканына капа экенин айтты.Бирок дагы эле үмүттөрү чон экенин билдиришти. Жакын арада Ата-Бейит Улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинен атасы Султанбек Монолбаевдин документтерин койгонго орун берилип жатканын жана “Зингер” аттуу кийим тиккен апасынын кол машинесин музейге тапшырарын бидирди. Жок дегенде атасынын аты атайын тактага жазылса деген тилегин билдирди [2].

Тарыхтын ак барактарын жаңыртууга төмөндөгү инсаныбыздын өмүр жолу жана Төрөкул Айтматовдун ишмердүүлүгүнө өзүнүн салымын кошкон, сталиндик репрессиянын курмандыгы болгон, ушул мезгилге чейин сөөгү табылбай келген Султанбек Моңолбаев жөнүндө илимий макалада баяндалат.

Султанбек Моңолбаев 1894-жылы Талас облусундагы Шекер айылында жарык дүйнөгө келген. Жаш кезинде эле энеси кайтыш болуп кетип, чоң ата, чоң апасынын колунда чоңоет. Султанбектин зээндүү экенин байкаган чоң атасы сабаттуу кылайын деп Олуя-Атадагы (азыркы Тараз шаары) молдого окуткан [2].

XX кылымдын 80-жылдарында Россия өзүнүн колонияларында, анын алкагында Орто Азияда жана түштүк Казакстанда орус-тузем мектептери ачыла баштайт. Орус-тузем мектептерде туш тараптан келишп, сабатсыздарын жоюп, орус тилин үйрөнүшкөн. Ал мезгилде бардык иш кагаздар орус тилинде болгондуктан жана белгилүү бир кызматтарда иштөөгө туура келип калса орус тилин билүү керек эле.

Жогорудагы айтылгандай келечек орус тил менен экенин билип, Султанбектин чоң атасы небересин ошол орус-тузем мектебин берген деп эскерет коомдук ишмер Розетта Төрөкуловна [3. https://ruhesh.kg].

Султанбек Монолбаев орус-тузем мектебин бүтүргөн алгачкы окуучулардан болуп калат. Орус тилин окуп, билим алган Султанбек Монолбаев айылындагы тилмеч болуп да кызмат кылган. Ал кезде орус жетекчилигинин өкүлдөрү менен өз тилинде сүйлөп, маселе чечүү жергиликтүү калк үчүн кыйынчылыкка турган. 1917-жылы декабрда Таласта Совет бийлиги орноп жаткан мезгилде мамлекеттик кызматтарда ишеп да калган.

Султанбек Моңолбаевдин үй-бүлөсү жөнүндө сөз кылсак, Таластан чыккан Алымбек аттуу байдын кызы Актотуга баш кошот. Актотуга атасы септи аябай жакшы берет, сепке Германиядан чыккан “Зингер” аттуу кийим тигүүчү машинесин дагы кошуп берген. [4.Информатор. Султанбекова Букөн] Актоту апанын тарыхты ичине каткан кол машинеси ушул күнгө чейин кызы Букен Султанбекова колдонуп, сактап келет. “Зингер” аттуу кийим тигүүчү машинесинин тарыхына кайрылсак төмөндөгүчө.

Төрөкул Айтматовдун мыкты инсан болуп калыптанышына өмүр жолундагы эң жакын адамдардын ролу чоң. Ошол инсандын катарына жогоруда биз сөз кылган Султанбек Моңолбаев эсептелет. 1920-жылы Төрөкул Айтматов 17 жашында атасы Айтмат каза болгондон кийин, үй-бүлөсүн багуу үчүн Олуя-Атадагы реалдык окуу жайды таштап,үйүнө Шекер айылына кайтып келген. Т.Айтматовдун эл менен тилди бат эле табыша билгендигин, темир жол курулушунда түркүн улуттар менен аралашып тажрыйбасы мол экендигин жана орус тилин жакшы билерин байкашып, 1920-1921-жылдары бир эле мезгилде эки кызмат беришкен. Биринчиси- Күркүрөө ВРКнын катчысы жана Грозный кыштагынын (азыркы Аманбаева айылы) уюмунун катчысы болуп иштеген. Экинчиси-айылдык комсомол уюмуна да жетекчилик кылган [5, 11б]. Т.Айтматовдун билимин дагы жогорулатуу үчүн Ташкенттеги советтик-партиялык мектепке жөнөтүлөт. Ал мезгилде облустук деңгээлдеги кызматта иштеп турган Султанбек Моңолбаев Төрөкул Айтматовду ар тараптан колдоп турган. Ошентип Ташкенттеги окууга барып окуп келүү Төрөкул Айтмаовдун каражат жагы жетишсиз болгон. Мындай кырдаалдан жакын тууганы Султанбек Моңолбаев чыгарган. Султанбек Монолбаев жубайы Актотунун сепке кошо келген “Зингер” кийим тигүүчү машинесин күрөөгө коюп, каражат алып берип, Төрөкул Айтматовду окууга жөнөткөн [3]. Бул жерден Султанбек атанын алдын-ала көрөгөчтүгүн байкасак болот. Себеби Төрөкул Айтматовдун келечеги кең экенин билип, келечекет эл керегине жараган мыкты жетекчи болоруна көзү жетсе керек деп ойлойм. Султанбек атабыз айлыгы тийгенде күрөөдөгү жубайынын кол машинесин алып, акчасын өзү төлөп койгон [2].

Төрөкул Айтматов жогоруда аталган партиялык-советтик мектепте үч ай билим алат. Андан соң орус тилин мыкты билгендигин, окууга болгон ынтызарлыгын байкашып, кайрадан Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин Коммунисттик университетине (ЧЭКУ) окууга жөнөтүшөт. Бул окуу жайда 1921-1924-жылдарга чейин билим алат [8, 11б]. Окууда жүргөндө Султанбек агасы менен кат алышып жүргөн. Каттарды окулуп бүткөндөн кийин Торөкулдун жеңеси Актоту сандыкка салып койчу экен. 1937-жылы Султанбек атаны “эл душманы” деп камакка алганы келип, үйүн тинтигенде баягы сандыктагы каттарды да табышып, алып кетишкен деп эскерет кызы Султанбекова Букен апа [2].

Тарых илиминде өзгөчө репрессиялангандарды иликтеп жүргөн Абдрахманов Болот Жумашевич 2020-жылы “Кыргызстандагы саясий репрессиянын курмандыктары” деген 10 томдук китебинин 6-томунун 432-бетинде Моңолбаев Султанбек жөнүндө эскерип кеткен. Анда Султанбек Моңолбаевди мамлекеттик камсыздандыруу бөлүмүндө инспектор болуп иштеген деп көрсөткөн. Качан камакка алынган, качан өкүм чыкканы көрсөтүлгөн [7]


Ал эми Төрөкул Айтматовду Москвада Кызыл Профессурада окуп жүргөндө 1937-жылдын 1-декабрында абакка камашып, “улутчул” деген айып коюлат.1937-жылы 30-декабрда Москва шаарындагы ВКП (б) Дзержинск райкомунун бюросунун чечими менен партиядан чыгарылат.Ал эми 1937-жылы 14-ноябрда Москвадан Кыргызстанга алып келишет. Төрөкул Айтматовго расмий түрдө “ Социал-Туран партиясынын уюмунун активдүү катышуучусу болуп саналат” деген айып тагылат. Ошентип 1938-жылы 5-ноябрда СССР

Жогорку Сотунун Аскер коллегиясынын чечими менен Төрөкул Айтматовду 35 жаш курагында өлүм жазасына тартуу жөнүндө өкүм чыккан. Бирок ак ийилет, бирок сынбайт дегендей 20 жыл өткөндөн кийин 5-жылдардын экинчи жарымында акталган. 1957-жылы 15-июнда СССР Жогорку Сотунун Аскер коллегиясы 1938-жылы 5-ноябрдагы Т.Айтматовго тагылган айыпты актап, жокко чыгарган. Ушул эле жылдын 29-ноябрында партияга мүчөлүгүн калыбына келтирген [3].

1991-жылы июнь айында Чоң-Ташта сталиндик репрессиянын курмандыктарына дуушар болгон 137 кишинин сөөгү табылып, анын ичинде Төрөкул Айтматовдун да өздүк кагаздары сөөгү табылган. 1991-жылы 30-августта Ата-Бейитке коюлган [3].

Ал эми Султанбек Монолбаев НКВД 10 жылга сүргүнгө айдалып кеткен боюнча дайын жок болот, үй-бүлөсу Көк-Сайда жашап калышат. Эл катары 1957-жылы акталды деген кабарды үй-бүлөсү угушкан. Бирок өлгөн жери жана себеби жөнүндө эч жерде жазылган эмес. Ушул күнгө чейин Султанбек Моңолбаевдин сөөгү каерде көмүлгөнүн үй-бүлөсү табыша албай келишет. 2023-жылы 28-августта Султанбек Моңолбаевдин кызы Букөн Султанбекова жана анын уулу Наралиев Төлөгөн Байысбековичтер тарабынан Ата-Бейит Улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинин музейине Султанбек атанын өздүк документтери жана жогоруда сөз кылган "Зингер" кол машинеси тапшырылды. Ата-Бейит Улуттук тарыхый-мемориалдык комплексинин директору Б.Ж.Абдрахмановдун колдоосу менен атайын музейден орун бөлүнүп берилген. Көп жылдык ичине каткан Актоту апанын "Зингер" кол машинеси оз ордун тапты десек жаңылышпайбыз.

Өткөн тарыхыбыздын ак барактарын толуктаган жогоруда сөз кылган инсандардын өмүр жолу жана ишмердүүлүгү кийинки жаш муундар үчүн тарбиясы чоң десек жаңылышпайбыз [4].


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БАШКЫ ПРОКУРАТУРАСЫ
ГЕНЕРАЛЬНАЯ ПРОКУРАТУРА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
720300, Бишкек шаары, Орозбеков к., 72
720300, г. Бишкек, ул. Орозбекова, 72
15.09.98 № 13/281-98
На № ____ от ____

СУЛТАНБЕКОВОЙ БУКЕН
Таласская область
Кара-Бууринский район
с.Кок-Сай

СПРАВКА
о признании пострадавшей от политических репрессий

СУЛТАНБЕКОВА БУКЕН, 1936 года рождения, проживала вместе с отцом МОНГОЛБАЕВЫМ СУЛТАНБЕКОМ, который был арестован в сентябре 1937 года органами НКВД Киргизской ССР по необоснованному обвинению в совершении контрреволюционных преступлений. Постановлением Тройки НКВД Киргизской ССР от 7 декабря 1937 года осужден к ВМН – расстрелу с конфискацией имущества. Приговор приведен в исполнение I декабря 1937 года в г.Фрунзе. Место захоронения неизвестно.


По протесту прокурора Киргизской ССР Определением судебной коллегии по уголовным делам Верховного суда Киргизской ССР от 6 августа 1957 года Постановление Тройки НКВД Киргизской ССР от 7 декабря 1937 года в отношении МОНГОЛБАЕВА С. отменено и дело о нем производством прекращено за отсутствием в его действиях состава преступления. Конфискованное имущество возвращено родственникам осужденного.

МОНГОЛБАЕВ СУЛТАНБЕК полностью РЕАБИЛИТИРОВАН.

На основании ст.ст.I,2 Закона Кыргызской Республики от 27 мая 1994 года "О правах и гарантиях реабилитированных граждан, пострадавших в результате репрессий за политические и религиозные убеждения, по социальным, национальным и другим признакам" – СУЛТАНБЕКОВА БУКЕН признана пострадавшей от политических репрессий.

Начальник отдела Генеральной прокуратуры Кыргызской Республики В.Н.Хан

1-сүрөт, архивдик материал (автордун жеке архвинен )



**АРХИВДИК МААЛЫМ КАТ**

Архивдик кылмыш ишинин материалдары боюнча **Султанбек Монолбаев (Монголбаев)**, жөнүндө төмөндөгү маалыматтар бар: 1894 ж. т., Кыргыз ССРинин Киров районуна караштуу Шекер айылында төрөлүп-өскөндүгү, улуту кыргыз, билими төмөнкү, кедей-кембагалдын үй-бүлөөсүнөн, партияда болбогондугу, 1929 жылдын октябрь айында Кыргыз АССРинин Талас кантонунун Мамлекеттик саясий башкармалыгынын (ОГПУ) бөлүмү тарабынан РСФСР Кылмыш-жаза кодексинин 58-2-беренесинде каралган кылмыш белгилери боюнча кылмышка шектүү деп кармалган. 1929-жылдын декабрь айында тергөөнүн жүрүшүндө күнөөсүз деп табылып РСФСР Кылмыш-жаза кодексинин 105-беренесине ылайык акталгандыгы тастыкталат. Камакка алынганга чейин С.Монголбаев Киров районунун Киров айылында Чаткал көчөсүндөгү № 5-чи үйүндө жашаган, Киров району боюнча мамлекеттик камсыздоо инспектору болуп иштеген жана үй-бүлөөсүнүн курамы төмөнкүдөй болгон:

- иниси .: Монголбаев Бекбосун, 11 жашта, Киров районунун Киров айылында жашаган;
- аялы: Монголбаева Тоту, 33 жашта, Киров районунун Киров айылында жашаган;
- кызы: Султанбекова Күлжамал, 15 жашар, ата-энеси менен жашаган;
- кызы: Султанбекова Нарынкүл, 10 жашар, ата-энеси менен жашаган;
- кызы: Султанбекова Анарбүбү, 8 жашар, ата-энеси менен жашаган;
- кызы: Султанбекова Букен, 1 жашар, ата-энеси менен жашаган.

1937-жылдын аяк оона айынын 8-де Кыргыз ССРнин Ички иштер элдик комиссариатынын (НКВД) Талас райондук бөлүмү тарабынан РСФСР Кылмыш-жаза кодексинин беренесинде каралган “Контрреволюциялык агитатор, улутчулдугу, “Ур-токмок”- террордук бөлүмүн камсыздап тургандыгы жана күнөөсүз жакыр-ыктыярчыларды өлтүргөнгө катышкандыгы үчүн” мындан сырткары Талас райондук прокуратурасында иштеп турганда пара алган, деген кылмыш белгилери боюнча кармалып Фрунзе шаарынын түрмөсүндө камакта олтурган.

1937 жылдын бештин айынын 7-де Монголбаев С. “Контрреволюциялык агитатор, улутчулдугу, “Ур-токмок”- террордук бөлүмүн камсыздап тургандыгы жана күнөөсүз жакыр-ыктыярчыларды өлтүргөнгө катышкандыгы үчүн” РСФСР Кылмыш-жаза кодексинин статьяларын көрсөтпөстөн, Кыргыз ССРнин Үчтүк НКВДсынын чечими менен өлүм жазасынына тартылган, өлүм жазасы Фрунзе шаарында аткарылган. Сөөгү коюлган жер тууралуу маалымат көрсөтүлгөн эмес.


1957 жылдын баш оона айынын 8-де Кылмыш-жаза кодекси боюнча Кыргыз ССРнин Прокуратурасынын көргөзмөсү менен, Кыргыз ССРнин Жогорку Сотунун коллегиясында каралып С.Монголбаев тууралу Үчтүк НКВДнын чечими жокко чыгарылган жана толугу менен акталган.

Негиз: КР МУКК архиви, №7557-су.

**Башкармалыктын башчысы** **У. Абдыкеримов**

**2-сүрөт**, архивдик материал

**Сүрөт тиркемелери**





Моңолбаев Султанбек
1894 - 1937.11.12

**Султанбек Монолбаевдин жубайы**
**Актоту (89 жашта.Көк-Сай айылы)**



**4-сүрөт,** Султанбек Монолбаевдин кызы Букөн Султанбекова (89 жашта)



**5-сүрөт,** Үстүнкү катардын сол жагынан алганда турган Султанбек Монолбаев



**6-сүрөт,** Талас мамлекеттик университетинин тарых жана коомдук илимдер кафедрасынын башчысы, т.и.к, доцент Жусупова Моймол Молдобековна Султанбекова Букөн жана анын уулу Наралиев Төлөгөн Байысбековичтердин үй-бүлөсүндө маектешүүдө.2023-жыл.июль.



**7-сүрөт,** Султанбек Монолбаевдин жакын тууганы, коомдук ишмер Розетта Айтматова Төрөкуловна жана жээни Т.Б.Наралиев таятасы жөнүндө маек үстүндө.




8-сүрөт, архивдик материал

Талас мамлекеттик университетинин тарых жана коомдук илимдер кафедрасынын башчысы, т.и.к, доцент Жусупова Моймол Молдобековна  Султанбекова Бүкөн апанын  үйүндө маектешүүгө барып, кол машинесин көрүп келген. 2023-ж.июль.

**Оозеки булактар (Информаторлор)**


1. Жусупова М. М., Талас шаары, ТалМУ.
2. Султанбекова Букөн, 88 жашта, Кара-Буура району, Көк-Сай айылы.
3. Айтматова Розетта, коомдук ишмер (эскерүүлөрүнөн).
4. Наралиев Т. Б., Көк-Сай айылы.


**Жазма булактар**


1. Жусупова, М. М.
   *Төрөкул Айтматов – коомдук, саясий жана мамлекеттик ишмер*: автореф. дис. … канд. ист. наук. – Бишкек, 2010. – 27 б.
2. Абдрахманов, Б. Ж.
   *Кыргызстандагы саясий репрессиянын курмандыктары*. – Бишкек: [б. и.], 2020. – 356 б.


**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Рысмендеева Н.К**